II ЭКЗ

1

146

II-ЭКЗ

Казыбектин
ырлары
Т. 1 1-1146
жыйнаган: Исабеков Болотбек
тапшырган: кызы Исабекова Гулмира

1990 ж.

Институт ... ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв № 146
1990
Кир. ФАН СССР ...

Мен, бул ак кагазга Улуу акын жана Кыргыздын данктуу уулунун бири болгон, Казыбектин толук тарыхын тируу кезинде башынан откоргон ар турдуу окуяларын, азаптын кудугуна тушконго чейинкисин, же эл ичинде эркелеп жургон кезин, ссылке болуп, айдалып баргандагысын, андан кайра бошоп, туулган жерине, боордош бир тууган ак-калпак Ала-Тоолуу элине келгенине чейинкисин, андан Терик элинин козгологунда алар менен бирге Какшаалга качып, кайта Советтин колуна тушуп, атуу жасасына кесилгенин, 44 бетке ыр менен Сталинге арыз жасып, атуу жазасынан 10-жыл тюрьме жазасына калтырылгандыгын, 10 жылдын 5-жылын өтөп, 1943-жылы тюрьмеден бошоп келе жатып, Өзгөн район, Мырза-Аки с/Советинде өлгөнун окуучуларга толук корсотуу, мен учун оор болуп олтурат;

Исабеков Полотбек

Исабеков Полотбек

Анткени мен, Калем кармап, Казыбектин ким экендигин тушуно элек кезимде мезгилсиз, опасыз дуйнодон отуп кетти. Эгерде мен, Казыбекке ажал оозун ачып турган кезде акыркы кунундо, же акыркы саатында жолугуп, ангемелешкенимде, анда Улуу акындын тарыхын окуучуларга толук берет элем, Мен, Улуу акындын тарыхын жазуудан мурда өтө көп кишилер, карындашы, аялы менен мумкунчулук катарында кунт коюп суйлоштум. Карындашы менен 3 жыл бою ойима келген суроолорду берип, кандай натыйжа берер экен дедим эле олуттуу эч нерсе бере алган жок, аялы Дорболжун селосунда турат экен, ага бардым эки жолу, жолугуп, озумо керектуу болгон суроолорду берип, эч кандай олуттуу натыйжаларга жеткеним жок, анча - мынча гана маалыматтарды алууга жетиштим. Мен, эми Казыбектин тарыхын кыскача баштап көрөюн.

Исабеков Полотбек

Исабеков Полотбек
Исабеков Полотбек

## С О З   Б А Ш Ы

(Казыбектин кыскача тарыхы)

(Мен, бул тарыхты - 16-июнь 1965-жылы жазууга киришттим)

КАЗЫБЕК - 1901-жылы Ат-Башы району, азыркы Пагранич колхозунун жаны-куч бригадасы орношкон жерде, Черик эли, андан таркаган ак-чубак, ак-Чубактын ичинен Жамаке деген уруусунан болот. Казыбек - ото бай эмес, ото манап эмес оз оокаты озуно жетиштуу болгон уй-булоодон туулган.

Атасы-Кучук, бирок кийин Совет чыкканда атасын Кучук деген атка арданат, эл чогултуп, ак-боз бээ союп, элден бата алып, Кучук деген аттын ордуна Маметемин деп ат койдурат. Кучук аты очуп, Маметтемин болуп кала берет.

Казыбек - бир атадан бир эркек, бир кыз, Кызы - Калдык азыр Ат-Башыда турат, эркеги Казыбек. Атасы Маметтемин колунда бар, ото дубанкга атагы чыкпаган, бир уруунун ичинде кадырдуу жана сыйга-баркка ээ болгон молдо оокаттуу киши болгон.

1929-жылы Кулактарды [illegible] тап, катарында жоюу саясаты жургузуло баштаганда Казыбек атасы, оз энеси, огой энеси, аялы менен Кыргызстандан ссылка болгон, 44 манаптар менен Оренбургка айдалат.

Айдалган 44 манапты Оренбургка алып, барып, уй жок, жай жок, же кыштак жок, ээн талаа [illegible] эрме чолго барып, таштайт, бирок 7 кундо бир жолу Н.К.В.дга корунуп турасынар деп жердин чегин болуп, берип, ушул чектен чыкбайсынар деп бош коё берет.

Алты ай откондон кийин оз энеси (алтын) жерин элин сагынып, Н.К.Вдынын уруксаты менен Кыргызстан Ат-Башы районуна жонотот. Бир жыл толгондон кийин Казыбекти аялы менен Оренбургтан элине кетууго Н.К.Вд уруксат берет, бирок, колуна кутулду деген кагаз берилбейт, жашсын ошондуктан бошоттук дейт, Казыбектин колунда кутулду деген закондуу кагазы болбогондуктан жергиликтуу органдардан катуу чочулап, Фрунзе келгенде, Ат-Башы Н.К.Вдсына кагаз алып кетууко

аракет кылып, Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин Президиумунун Председатели Орозбековга кирууго чон аракет кылат, бирок аракети иш жузуно чыкбай турганда Орозбековтун квартирине барат, кайтарган милиция тууганымын десе"коё берет, учурашкандан кийин, кайдан жигит деп сурайт, Ат-Башы районунан болом, мен сизге арыззданайын деп келдим эле, Орозбеков эмне жонундо деди? Казыбек оз созун баштай,- мен откон жылы ссылка болуп, ата-энем менен Оренбургка барган элек, Оренбургка Н.К.В.дсы мени жаш экенсин деп ссылкадан коё берди. Бирок колума бошоткону жонундо кагаз берген жок, ошондуктан - сизден колума кагаз жазып бересизби деп келип олтурам, анткени сизден кагаз албасам, Ат-Башынын Н.К.В.дысы качып келдин деп кайтадан ссылкеге барган жериме кайра жиберет, деп созун бутуп, Орозбековго карап, мени сиз тааный тургансыз деп Казыбек айткан кезде, Орозбеков колундагы кашыкты тарелкага коё коюп, сизди кайдан кордум эле деди. Казыбек - I928-жылы Ат-Башы районуна барганыныызда, - подарка катарында бир карышкыр ичик кийгизген элем деди. Ошол жигит мене болом деп, Орозбековду (катуу) тике карады. Орозбеков шашып кетип тамак ичип олтурган кашыкты колуна ала коюп, билем-билем деп жиберди, Казыбек иш кийим жапкычтан этеги чыгып турган карышкыр ичиктин этегин кармап ушул ичик эмесби сизге кийгизген; Ал туура жигит. Орозбеков - Казыбекке карап, жигит сиз чочулабай эле кете бергин, мен бугун эле Ат-Башынын Н.К.В.Дсына Казыбекке тийбегиле деп телефон менен айтып, коём деп Казыбекке жооп берди, Казыбек - бир ишенди, бир чочулады, Казыбек тобоокелге салып, Ат-Башыга келип, Н.К.В.Дга кирсе чынында эле Орозбеков Казыбектин уй-булосуно тийбегиле деп айткан экен.

Казыбек - аялы экоо тен Ат-Башы калаасына келип, туулган жери, киндик каны тамган жери, Кополок кууп, ойногон жери, анадан туулуп чонойгон жери, туулгандан меенет тартпаган жери, тогуз ай I0 кун которуп энеси туудган жери, Ат-Башы калаасына жигиттер менен кулпетчилик кылганын эсине тушуруп, козунун жашын тогуп, турганда эл чогулуп, Адамзаттын бул-булу Казыбектин аман келгенин бут Ат-Башыга дунк дей тушот, аран турган эл, Казыбекти тегеректеп, Казыбек келди - дебестен, элдин

булбулу келди десе, бироо - Кыргыз элинин булбулу десе, бироолору ырчынын Чолпон жылдызы келди десе, бироолору Кыргыз элинин таалайына келген ырчысы келди дешип, Казыбекти колдон-колго алып, сыйга болошту.

Казыбектин 3 сутка Ат-Башы калаасынан чыгарбай 3000 киши тегеректеп, уйуно жибербей турат. Уч кундон кийин, Казыбекти Чериктер Азыркы - Патронич колхозуна алып кетет, ал эми аялын Батай-уулу Дорболжунго алып кетишет. Казыбек IO кун откондон кийин, аялынын устуно кайын - журтуна барып, I,5 жыл туруп калат. Азыркы Тоголок- Молдо колхозунда Казыбектин таякелери (Кыдыршалар) Акий, Болот, Акий Казыбектин башын куттуктап бир кулук ат берет, кундо кулпет, кундо ойюн, бул-булдун I,5 жыл уну басылбайт, бирок ошентип жургон кезде Казыбекти ушактап, каматат. Ошондо Казыбек ырдап жаткан кези:

Келдим Саяк элине,
Кемчилдиктин айынан.
Бир ат алдым Акийден,
Бир туугандык жайынан.
Залалым барбы тагалар,
Куйгуздун не учун агынан.
Эр эгишкен Саяктын,
Эки болок табынан.
Эрмек кылып суйлоого,
Эштуу болуп табылам.
Кайанда болсо мен шордуу,
Ушундай ишке кабылам.

Казыбек алты ай тюрьмеде жатып, башоп Дорболжунго келгенден кийин, Чериктер Казыбектин келгинин угушуп, Какшаалга качабыз деп, камданып, качан кимдер менен качыштарын кун болжоп коюшуп, Казыбекти кошо ала качбасак болбойт, анткени чон-багыш эли жаман кайырсыз, адамга жакшылыгы жок эл келет, Казыбек - ыры менен бизди элге тенейт, бир ыр менен намыз алат дешип, IO ак-сакалдуу абийирдуу кишилерди Дорболжунго Казыбекке жиберишет, алар келип, сен